Бекитемин ________________
Мектеп директору: Бакирова А.

**Кызыл-Тоо №9 орто мектебинин олимпиадалык топтор боюнча 2022-2023- окуу жылына карата түзгөн иш планы.**

| № | **Аткарылуучу иш чаралар** | Мөөнөтү | **Аткаруучулар** |
|---|---|---|---|
| 1 | Олимпиадалык топторду тактоо жана олимпиадалык топтордун жетекчилерин дайындоо | Август | ОББ, УБ, предметтик мугалимдер, Педкеңешме |
| 2 | Олимпиадалык топтордун иш пландарын бекитүү | Жыл сайын | Директор, ОББ, олимпиадалык топтордун жетекчиси |
| 3 | 5-8-класстын окуучуларын олимпиадалык топторго тандоо жана даярдоо | Сентябрь, жыл сайын | ОББ, предметтик мугалимдер |
| 4 | Олимпиадалык топтордун иштөө графигин бекитүү | Сентябрь | ОББ |
| 5 | Олимпиадалык тесттердин тапшырмаларын иштеп чыгуу | Ар дайым | УББ |
| 6 | Олимпиадалык топтордун иш пландарын текшерүү | Пландуу түрдө | Мектеп жетекчилиги, УБ |
| 7 | Олимпиадалык контролдук иштерди алуу | Ай сайын | Предметтик мугалимдер |
| 8 | Олимпиадалык топтордун иш пландарын текшерүү | Пландоо түрдө | Мектеп жетекчилиги |
| 9 | Мектепте предметтик олимпиаданы өткөрүү | Ноябрь | Мектеп жетекчилиги |
| 10 | Олимпиаданын аймактык, райондук этабына даярдыктарды көзөмөлдөө жана катыштыруу. | Декабрь | ОББ, предметтик мугалимдер |
| 11 | Олимпиадалык топтордун ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгын чыгаруу | Май | Мектеп жетекчилиги, УББ, олимпиадалык топтордун жетекчилери |
| 12 | Олимпиадалардын жеңүүчүлөрүн даярдаган мугалимдерди сыйлоо | 25-май | Мектеп жетекчилиги |
| 13 | | | |

**Түзгөн ОББ: Ашырбаева Г.**

**“Текшерилди”**

**Окуу бөлүмүнүн башчысы:** ____ Ашырбаева
5-сентябрь 22 жыл

**“Бекитемин”**

**Мектеп директору** ____
5-сентябрь 22 жыл

## Кызыл-Тоо №9 орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы Ашырбаева Гулнаранын 2022– 2023– окуу жылы үчүн олимпиадалык топ менен иштөө иш планы

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ресурстар | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Олимпиадалык топ түзүү | Сентябрь | Иш пландар | Иш пландар бекитилет |
| 2 | Интеллектуалдык марафон өткөрүү | Октябрь | Жазма иштери | Окуучулардын жөндөмдүүлүгү аныкталат |
| 3 | Олимпиадалык топтун мүчөлөрү менен үзгүлтүксүз иш алып баруу | Дайыма | Текшерүү иштер, марафондор, тесттик тапшырмалар ж.б | Окуучулардын жазма иштери текшерилет |
| 4 | Ыктыярдуу тест, SEKOM, Glokal ж.б түрдүү тесттердин тапшырмалары менен иштөө | Жыл бою | Китептер тесттик тапшырмалар | Ар түрдүү тесттик ыкмалар менен иштөөнү үйрөнүшөт |
| 5 | Зоналдык, райондук предметтик олимпиадаларга окуучуларды катыштыруу | Убагында | Тесттер, жазма иштери | Окуучулардын билими текшерилет |
| 6 | Олимпиадалык топ менен түрдүү тапшырмаларды иштөө | Үзгүлтүксүз | Тапшырмалар, логикалык суроолор ж.б | Окуучулардын предметке болгон кызыгуусу артат |
| 7 | Математикалык топтун арасында түрдүү жарыш – таймаштарды өткөрүү (математикалык тапшырмалар, логикалык суроолор, бат тапмалар ж.б) | Чейрек сайын | Суроолор, тапшырмалар | Окуучулардын логикалык ойлоосу өсөт |
| 8 | Олимпиадалык топтун кереге гезитин чыгаруу | Квартал сайын | Кереге гезиттер | Топтун иши аныкталат |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 9 | Интернет булактарынан математикалык маалыматтарды табуу | Үзгүлтүксүз | Маалыматтар | Интернет менен иштөөнү үйрөнүшөт, онлайн тесттерге катышат |
| 10 | “Тесттик банк” уюштуруу жана топтоо | Жыл бою | Китептер, тесттик тапшырмалар | Изденишет, китепке болгон кызыгуусу артат |
| 11 | Окуучуларды тест менен иштөөгө жана бат эсептөөгө машыктыруу | Дайыма | Тапшырмалар | Так эсептеп, так жыйынтык чыгарууга үрөнүшөт |
| 12 | Облустук, республикалык жана кызыктыруучу олимпиадалардын материалдары менен иштөө | Ар дайым | Олимпиадалык тапшырмалар | Окуучулардын ойлоосу өсөт |
| 13 | Мектеп ичинде олимпиада өткөрүү | Убагында | Тапшырмалар | Окуучулардын билими бааланат |
| 14 | Олимпиадалык топтун ишине анализ | Жыл соңунда | Анализдер, протоколдор | Топтун иши жыйынтыкталат |
| 15 | Кийинки окуу жылына прогноздор, милдеттерди аныктоо | Жыл соңунда | Прогноздор, милдеттер | Кийинки окуу жылына милдеттер аныкталат |

Кыргыз Республикасы
Ош облусу
Өзгөн району
№9 Кызыл-Тоо орто мектеби

Кыргызская Республика
Ошская Область
Узгенский район
средняя школа №9 Кызыл-Тоо

715523, Өзгөн району, Кызыл-Тоо айылы, Т. Капаров көчөсү №46

№ 8-12 29-август 2022-жыл

Мектепте олимпиадалык топ түзүү жөнүндө

Кызыл-Тоо №9 орто мектеби

**Буйрук кылат**

Кызыл-Тоо №9 орто мектебинде класстар арасында бардык предметтер боюнча олимпиадага катышуу үчүн олимпиадалык топ түзүлсүн. Олимпиадалык топтун курамдык бөлүктөрүнө төмөнкүлөр көрсөтүлсүн.

1. Асанбаева Гуланда
2. Болушева Альмира
3. Кыдыршаева Алима
4. Жапаркуловаи Н
5. Усенова Гулгакы
6. Бакирова Айнур
7. Ашырбаева Гулнара

Мектеп директору: Бакирова А.

Тиркеме

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017-жылдын "____" __________ № ____ буйругу менен

БЕКИТИЛГЕН

## 1. Жалпы жоболор

Бул Жобо мектеп окуучуларынын Республикалык олимпиадасынын (мындан ары - Олимпиада) максаттарын жана милдеттерин, аны өткөрүү жана каржылоо тартибин, жалпы билим берүүчү предметтердин тизмесин, ошондой эле Олимпиаданын катышуучуларын, алардын укуктарын, милдеттерин, Олимпиаданын натыйжаларын, Олимпиаданын жеңүүчүлөрүн жана сыйлык ээлерин аныктоо боюнча эрежелерди аныктайт.

1.1. Олимпиаданын негизги **максаттары:**

- өтө зээндүү мектеп окуучуларын табуу, алардын билимдерин өркүндөтүү үчүн дем берүү, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн жана изилдөө ишине карата кызыкчылыктарын өнүктүрүү;
- Олимпиаданын жеңүүчүлөрүн даярдоочу мугалимдерди табуу жана дем берүү.
- өлкөнүн келечектеги интеллектуалдык элитасын тарбиялоого көмөк көрсөтүү.

1.2. Олимпиада жыл сайын Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги (мындан ары - Министрлик) жана анын аймактык жана жалпы билим берүү уюмдары тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык көз карандысыз уюмдарды тартуу менен өткөрүлөт.

- Республикалык олимпиаданы өткөрүү тартиби ушул Жобо менен аныкталат.

1.3. Олимпиаданы уюштуруу жана өткөрүүнү координациялоо Республикалык Олимпиаданы уюштуруу комитети тарабынан, комитеттин төрагасынын жетекчилиги алдында (мындан ары - Республикалык уюштуруу комитети) жүзөгө ашырылат.

1.4. Жалпы билим берүү предметтери боюнча Олимпиаданы өткөрүүнүн жалпы усулдук жетекчилиги Республикалык усулдук комиссия тарабынан ишке ашырылат.

1.5. Олимпиаданын бардык этаптарын өткөрүү үчүн материалдык-техникалык камсыз кылуу жана каржылык-экономикалык колдоо Олимпиаданы өткөрүү боюнча тиешелүү уюштуруучулар тарабынан жүзөгө ашырылат (ушул Жобонун 2.2.пункту).

1.6. Олимпиаданын III жана IV этаптары төмөнкү жалпы билим берүүчү предметтер боюнча өткөрүлөт: окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлүүчү мектептер (класстар) үчүн кыргыз тили жана адабияты, окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептер (класстар) үчүн кыргыз тили жана адабияты, окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептер (класстар) үчүн орус тили жана алабияты, окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептер (класстар) үчүн орус тили жана адабияты, англис тили, математика, информатика, физика, химия, биология, география, тарых.

*Олимпиаданын I, II этаптары үчүн кошумча жалпы билим берүүчү предметтердин тизмеси Олимпиаданын тиешелүү уюштуруучулары тарабынан бекитилет.*

1.7. Олимпиадалык тапшырмалар 2014-жылдын 21-июлундагы № 403 КР Өкмөтүнүн Токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик билим берүү мектептин негизги жалпы билим берүү стандарттарынын негизинде түзүлөт.

1.8. Олимпиаданын тапшырмаларын түзүүнүн негизги принциптери:

- тапшырмалар жогорку мотивациясы бар катышуучулардын белгилүү бир илимий жааттагы окуу жөндөмдөрүн аныктоого багытталууга тийиш, билимдерин жаңы шарттарда колдоно билүү, талдоого, жана маселелерди же көйгөйдү чечүүдө ар кандай ыкмаларды баалоого, стандарттуу эмес чечимдерди табуу, өз көз карашын далилдүү жеткирүү;
- татаалдаштарылган тапшырмаларды кошууга болот;
- тапшырма жооптордун кеңири диапазонуна, бир нече гипотезаларды баяндоого, ар кандай далил келтирүүлөрдү жана башка мүмкүн болушунча окуучулардын чыгармачыл мамилесин көрсөтүүгө жол берүүгө тийиш,

-тапшырмалар ачык, ошондой эле жабык типте да болушу мүмкүн (жооптордун варианттары менен):

-ачык тапшырмалар 30% кем эмес тапшырмаларды түзүүгө жана так баалоо критерийлерине ээ болууга тийиш (өз алдынчалыгын жана ойдун логикага негизделгендигин, далилдерди так баяндоо үчүн маалыматка ээ болуусун, далилдерди келтирүү көндүмдөрүн, чечимдин жаңылыгын баалоо);

-жабык типтеги суроолор жана тапшырмалар белгилүү бир жоболорду жана эрежелерди эске алуу менен түзүлүүгө тийиш (дистракторлорду киргизүү, туура эмес жоопторду жокко чыгаруу, бир маанилүү болуу);

- практикалык/лабораториялык/оозеки (мындан ары – практикалык тапшырмалар окуучулардын өз алдынча алган билимдерин практикада колдоно билүүнү баалоого, маселелерди коюп, аларды жаңы шарттарда чечүүгө жөндөмдүүлүгүн текшерүүгө багытталууга тийиш.

## 2. **Олимпиаданы өткөрүүнү уюштуруу**

2.1. Олимпиада окуу жылынын ичинде төрт этап менен өткөрүлөт:

- I этап - мектептик (ноябрь).
- II этап - райондук (декабрь). Бул этап райондордун, облустардын, Бишкек шаарынын райондорунун жана райондук маанидеги шаарлардын деңгээлинде өткөрүлөт.
- III этап - облустук (февраль). Бул этап облустардын, Бишкек жана Ош шаарларынын деңгээлинде өткөрүлөт.
- IV этап - республикалык (март).

Олимпиаданын III жана IV этаптары бир эле учурда Министрлик тарабынан белгиленген мөөнөттө бүткүл республика боюнча өткөрүлөт.

2.2. Олимпиаданын этаптарын уюштуруучулар болуп төмөнкүлөр саналат:

- I этап - жалпы билим берүүчү уюмдар (мектеп, гимназия, лицейлер, окуу-тарбия комплекстери);

- II этап - райондук\шаардык билим берүү бөлүмдөрү;
- III этап - Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, облустук координациялык борборлор, Бишкек жана Ош шаардык билим берүү башкармалыктары;
- IV этап - Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги.

2.3. Олимпиаданын I, II, III, IV этаптарын өткөрүү боюнча жоопкерчилик тиешелүү түрдө жалпы билим берүүчү уюмдардын администрациясына жана райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн башчыларына, областтык усулдук борборлоруна/ билим берүү институттарына, Бишкек жана Ош шаардык билим берүү башкармалыктарына, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигине жүктөлөт.

2.4. Олимпиаданын этаптары боюнча төмөнкү органдар түзүлөт:
- I этап - мектептик уюштуруу комитети жана жалпы билим берүү уюмунун жюриси;
- II этап - уюштуруу комитети, райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн жюриси жана усулдук комиссия;
- III этап - уюштуруу комитети, жюри, областтык усулдук борборлору, билим берүү институттары, Бишкек, Ош шаарларынын башкармалыктары, Көз карандысыз уюм.
- IV этап - Республикалык уюштуруу комитети, жалпы билим берүү предметтери боюнча Республикалык жюри, Көз карандысыз уюм.

2. 5. II, III, IV этаптарында Олимпиада эки тур менен өткөрүлөт.

Биринчи тур - практикалык. Ал физика, химия, биология, география, тарых боюнча жазуу түрүндө жүргүзүлөт

Экинчи тур - теориялык. Ал информатика предметинен тышкары бардык предметтер боюнча жазуу жүзүндө жүргүзүлөт. Информатика персоналдык компьютерди пайдалануу менен жүргүзүлөт.

Биринчи тур (практикалык) кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты, англис тили боюнча оозеки жүргүзүлөт (жооптор диктофонго жана башка жазып алуу каражаттарына жазылат);

Математика предмети боюнча эки тур тең жазуу түрүндө жүргүзүлөт.

Жазуу иштери көк түстөгү гана калемсап менен аткарылат.

2.6. Жалпы билим берүүчү уюмдарда II, III жана IV этаптарды өткөрүү үчүн теориялык жана практикалык турларды өткөрүү үчүн өзүнчө бөлмөлөр бөлүнөт (кабинеттер, лабораториялар).

2.7. Олимпиаданын ар бир этабын өткөрүүнүн күнү, убактысы жана орду тиешелүү органдын буйругу менен аныкталат жана жалпы билим берүү уюмдарга Олимпиаданын башталышына чейин кеминде 30 календардык күн мурун жеткирилет.

2.8. Олимпиада бардык этаптарда англис тили предметинен тышкары мамлекеттик жана расмий тилдерде өткөрүлөт.

2.9. Олимпиада окутуу кыргыз (орус) тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин (класстардын) окуучулары үчүн жана кыргыз (орус) тили экинчи тил болуп саналган мектептердин (класстардын) окуучулары үчүн өзүнчө өткөрүлөт.

2.10. Математика, физика, химия, биология жана англис тили предметтери боюнча олимпиадалар базалык план боюнча окутулган мектептердин

окуучуларынан жана башка предметтер тереңдетилип окутулган мектептерден тышкары өткөрүлөт. Окуучуларды предметтерди базалык жана тереңдетилип окутулган топторго бөлүү мектептердин, райондордун, облустардын жана шаарлардын билим берүү органдарынан арыз келип түшкөндө гана ишке ашырылат. Тереңдетилип окутулган предмет өздөштүрүү окуу планынан ашык убакытка көбөйтүлгөн учурда саналат. Олимпиадага уюштуруу комитети окутулган окуучуларды өзүнчө командаларга бөлөт. Башка предметтер боюнча аталган мектепте предметти тереңдетип өздөштүрүү болбосо, бөлүштүрүү жүргүзүлбөйт, окуучулар предметти базалык окутулган командага кошулат. Бир мектептин окуучулары предмет боюнча предметти базалык окутулган командага да жана предметти тереңдетилип окутулган командага да кошууга жол берилбейт.

2.11. Олимпиадага англис тили боюнча катышууга тилди алып жүрүүчү өлкөгө барып келген жана предметти тереңдетип өздөштүрүү программасы боюнча 6 айдан кем жашап келген, ырастоочу документтерди берген окуучуларга жол берилет (мектептин статусуна карабастан).

Олимпиадага англис тили боюнча катышууга тилди алып жүрүүчү өлкөгө барып келген жана 6 айдан ашык жашап келген окуучуларга жол берилбейт.

2.12. Олимпиада жалпы билим берүү предметтер боюнча окутуу классына карабастан толук орто мектебинин программасы боюнча өткөрүлөт.

2.13.Олимпиаданын ар бир этабынын катышуучуларынын жеке жыйынтыктары баллдардын азаюусуна жараша рейтингдик таблицасына киргизилет (мындан ары - рейтинг). Бирдей балл алган катышуучулардын саны алфавиттик тартипте жайгаштырылат.

2.14. Олимпиадага катышуу үчүн акы алууга жол берилбейт.

2.15. Олимпиаданы өткөрүүдө ар бир катышуучуга ар бир предмет боюнча өзүнчө жабдылган жумуш орду берилет. Бардык жумушчу орундар катышуучуларга бирдей шарттарды камсыз кылууга, Олимпиаданы өткөрүү учурунда санитардык эпидемиологиялык эрежелерге жана ченемдерге ылайык келүүгө тийиш.

2.16. Олимпиаданын I-II этабынын өткөрүүчү жерде байкоочу катары уюштуруу комитеттеринин, Көз карандысыз уюмдун өкүлдөрү, жюри, ошондой эле көз карандысыз жарандар болушу керек. Башка жарандардын катышуусу мүмкүн эмес.

Олимпиаданын III-IV этабын өткөрүүчү жерде уюштуруу комитеттеринин өкүлдөрү, жюри, ошондой эле Министрлик тарабынан аккредиттелген байкоочулар катары көз карандысыз жарандар катышууга тийиш.

2.17. Олимпиадага өзүнүн катышуусу жөнүндө билдирген окуучунун ата-энеси (мыйзамдуу өкүлү) Олимпиаданын III этабынын башталышына чейин кеминде 10 жумушчу күн мурун жазуу түрүндө ушул Жобо менен таанышкандыгын ырастайт жана Олимпиаданын III-IV этаптарын уюштуруучуларына өзүнүн жашы жете элек баласынын мүмкүн болгон жеке мүнөздөгү маалыматтарын жыйноого, сактоого, пайдаланууга жана жарыялоого, ошондой эле анын олимпиадалык иштерин, анын ичинде Интернет-тармактарында пайдаланууга макулдугун берет.

## 3. Олимпиаданын катышуучулары

3.1. Олимпиадага төмөнкүлөр катышат:
- I этап – тиешелүү даярдыкка ээ болгон бардык каалаган окуучулар;
( *Тиешелүү даярдыкка ээ болгон окуучулар (9,10,11 класстардан тышкары) олимпиадага мектеп администрациясынын сунуштамасынын жана ата-энелердин арызынын негизинде катыша алышат*)
- II этап - I этапта рейтинг боюнча 1, 2, 3-орундарды ээлеген окуучулар.
- III этап - II этапта рейтинг боюнча 1, 2 - орундарды ээлеген окуучулар.
- IV этап - III этапта рейтинг боюнча 1, 2 - орундарды ээлеген окуучулар.

Олимпиаданын II этабына катышууга I этапта 1, 2, 3-орундарга ээ болгон, мектептин предметтик жюрилеринин сунушу жана ата-эненин арызы боюнча командалар үчүн аныкталган жалпы квотанын чегинде тиешелүү даярдыкка ээ болгон окуучуларга жол берилет.

3.2. Республикалык баш ийүүдөгү жалпы билим берүүчү уюмдардын мамлекеттик эмес, жеке жана жеке-мамлекеттик жалпы билим берүүчү уюмдардын мектеп окуучулары Олимпиаданын II этабына өзүнүн жайгашкан жери боюнча тийиштүү билим берүүнү башкаруу органдарына берилген сунуштаманын негизинде катыша алышат. Олимпиаданын кийинки этаптарында алар жалпы негизде катышышат.

3.3. Сунуштамалар тиешелүү уюштуруу комитеттерге жиберилет.

I этаптан тышкары Олимпиаданын бардык этаптарына тиешелүү документтерди берүүнүн негизинде **окуучуларга катышууга** жол берилет.

3.4. Олимпиаданын II (III) этаптары бүткөндөн кийин беш күндүк мөөнөттө райондук билим берүү бөлүмдөрүнүн, областтык усулдук борборлордун/ билим берүү институттарынын жетекчилери Республикалык уюштуруу комитетине төмөнкү документтерди беришет:

- ✓ Олимпиаданын III (IV) этаптарына катышууга сунуштама мурунку этаптын жеңүүчүлөрүнүн тизмеси менен окутуу тилин жана предметти (англис тили, математика, информатика, физика, химия, биология) базалык, же тереңдетип окутулгандыгы жөнүндө маалыматты көрсөтүү менен;
- ✓ жалпы билим берүү уюмунун администрациясы тарабынан күбөлөндүрүлгөн маалым кат (катышуучунун сүрөтү менен);
- ✓ тилди алып жүрүүчү өлкөгө барып келген жана анда кеминде 6 ай жашаган окуучулардын тастыктоочу документтеринин көчүрмөсү.
- ✓ катышуучунун инсандыгын ырастаган документтин көчүрмөсү.

16 жашка толгон окуучулардын жанында паспорттун түпнускасы болушу керек.

16 жашка толо элек окуучулардын жанында туулгандыгы тууралуу күбөлүгүнүн түпнускасы болушу керек.

3.5. Региондун\шаардын атынан келген окуучулардын командасын 8-10 окуучуга 1 жетекчи эсеби менен тиешелүү билим берүү башкармалыгы тарабынан дайындалган жетекчи коштоп жүрөт. Олимпиадага катышуу мезгилинде катышуучулардын өмүрүн жана ден соолугун коопсуздугун камсыз кылуу жетекчинин милдетине кирет.

*Талаш-тартыш кырдаалдар пайда болгон учурда Олимпиаданын мурунку этаптарын уюштуруу комитеттери Олимпиаданын мурунку этаптарынын жыйынтыгы менен жана отчеттун протоколдорунун көчүрмөсүн берүүгө милдеттүү:*

- жалпы билим берүүчү уюмдардын директорлору - райондук\шаардык Олимпиаданы өткөргөнгө чейин 10 күн мурда;
- II этапты уюштуруу комитеттери тарабынан – областык олимпиадаларды өткөргөнгө чейин 10 күн мурда;
- III этапты уюштуруу комитеттери тарабынан - республикалык олимпиаданы өткөрүүгө чейин 15 календардык күн мурда.

3.6. Команданын курамына киргизилген жана Олимпиадага келбеген окуучулар башка адамдар менен алмаштырылбайт, ошондой эле документи жок келгендер, ден соолугуна байланыштуу келбей калгандар, 30 мүнөттөн ашык убакытка кечиккендер, аткарган тапшырмасын тапшырбай кеткендер, дисквалификациялангандар башка адамдар менен алмаштырылбайт.

3.7. Олимпиаданы өткөрүү учурунда катышуучулар:

- ушул Жобону жана Олимпиаданын мектептик, райондук/шаардык, региондук жана республикалык этаптарын уюштуруу комитети, усулдук комиссия, ар бир предмет боюнча Олимпиаданын тиешелүү этаптарын өткөрүү боюнча Көз карандысыз уюм тарабынан бекитилген талаптарды сактоого;
- сүйлөшүүгө, суроолорду берүүгө болбойт (алгачкы 30 мүнөт уюштуруу маселерин кароо мезгилден тышкаркы),
- кандайдыр бир жазуулар, предметтер менен алмашууга, уруксатсыз ордунан туруууга, эрежелер менен тыюу салынган предметтерди пайдаланбаса да, уюлдук телефонду, фотоаппаратты, кулакчындарды, башка интернетке чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ же ээ эмес электрондук буюмдарды, эрежелер менен уруксат берилген буюмдардан тышкары окуу китептерди, бардык колдонмолордун түрүн, Олимпиаданын башка катышуучуларынан тең эмес абалга коюула турган башка кошумча буюмдарды алып жүрүүгө тыюу салынат.

3.8. Катышуучулар тур учурунда бөлмөдөн администратордун (кабат боюнча дежурдун) коштоосунда гана чыга алышы мүмкүн. Мында катышуучу өз ишин администраторго тапшырат, ал жөнүндө бөлмөдөн чыгуу жана кайтып келүү убактысын көрсөтүү менен протоколго белги коюлат (№ 2-үлгү).

3.9. Катышуучулар тапшырманы алгач биринчи кол жазмада (черновикте) аткарышат, андан кийин гана негизги таза баракка жазышат. Тапшырманы аткаргандан кийин окуучулар өз алдынча иштегенин тастыктоочу биринчи кол жазманы да тапшырат. Бирок негизги таза баракка жазылган тапшырмалар гана текшерилет.

3.10. Тур аяктагандан кийин катышуучулар аткарган иштерин администраторго тапшырат, администратор тиешелүү протокол менен код берүүчүгө берет.

3.11. Код берүү Олимпиаданын биринчи туру аяктагандан кийин атайын бөлүнгөн бөлмөдө код берүүчү тарабынан жүргүзүлөт. Ар бир турда катышуучунун ишине өз-өзүнчө код берилет жана ошондуктан ар түрдүү кодго ээ болот.

3.12. Катышуучунун ишинде уруксат берилбеген жазуулар, белгилер ж. б. табылган учурда код берүүчү аны Олимпиаданын уюштуруу комитетинин

төрагасына берет. Төрага жаңыдан түзүлгөн жюрилер тобу менен ишти баалоо же катышуучунун дисквалификациялоо жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу, бул жөнүндө протоколдо жазылат.
3.13. 30 мүнөттөн ашык эмес убакытка кечиккен катышуучулар, себебине карабастан, Олимпиаданын туруна катышууга уруксат берилет жана тапшырмаларды аткарууга берилген калган убакыттын чегинде иштөөгө болот. 30 мүнөттөн ашык убакытка кечиккен, себебине карабастан, Олимпиадага катышууга жол берилбейт. Кечиккен катышуучуларга кошумча убакыт бөлүнбөйт.
3.14. Катышуучулар тапшырмаларды аткарууга болгон талаптар жана Олимпиада учурундагы жүрүм-турум эрежелери менен Олимпиаданын башталышында тааныштырылышы керек.
3.15. Ушул Жобону жана/же Олимпиаданын тиешелүү этабына карата бекитилген эрежелерди жана талаптарды катышуучу бузган учурда администратор ал тууралуу уюштуруу комитетине билдирет, бул жөнүндө протоколдо жазылат.
3.16. Олимпиаданын уюштуруу комитети дисквалификациялоонун себептерин көрсөтүү менен акт түзүп жана дисквалификацияланган катышуучуну тааныштыруу менен катышуучуну дисквалификациялайт.
3.17. Четтетилген катышуучу үстүбүздөгү жылдагы Олимпиадага андан ары катышуу укугунан ажыратылат.

## 4. Олимпиаданын жумушчу органдары

4.1. II этапта жумушчу орган болуп уюштуруу комитети, усулдук комиссия жана жюри болуп саналат.
4.2. III жана IV этаптарында Олимпиаданын жумушчу органы болуп уюштуруу комитети, Көз карандысыз уюм жана тиешелүү деңгээлдеги жюри болуп саналат.
4.3. Республикалык комитетинин курамы КР Билим берүү жана илим министринин буйругу менен быйылкы окуу жылынын 10-ноябрынан кечиктирилбестен бекитилет.
4.4. III и IV этаптарынын предметтер боюнча республикалык жюринин жана апелляциялык комиссиялардын курамы Министрлик тарабынан жыл сайын Олимпиада башталганга чейин 3 күн мурда бекитилет.
4.5. Уюштуруу комитетинин, усулдук комиссиялардын, Көз карандысыз уюмдун жана Олимпиаданын бардык этаптарынын калыстар тобунун ишинин негизги принциптери компетенттүүлүк, объективдүүлүк, ачык-айкындык, ошондой эле кесиптик этиканын ченемдерин сактоо.
4.6. Тапшырмалардын купуялуулугун сактабагандыгы жана башка Олимпиаданы өткөрүүнүн принциптерине каршы болгон бузуларга жол бергендиги үчүн уюштуруу комитетинин өкүлдөрү, усулдук комиссиянын мүчөлөрү жана жюри жоопкерчиликке тартылат, ээлеген кызматынан бошотууга чейин.

## 5. Уюштуруу комитети

5.1. Олимпиаданын I, II, III жана IV этаптарын уюштуруу үчүн уюштуруу комитеттери түзүлөт. Олимпиаданы уюштуруу комитеттеринин курамына жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, региондук билим берүүнү мамлекеттик башкаруу органдарынын, коомдук уюмдардын, жогорку окуу жайлардын, КББА, көз карандысыз уюмдардын, Министрликтин өкүлдөрү кирүүгө болот.

Уюштуруу комитетинин түзүмү: төрага, орун басары, катчы жана уюштуруу комитетинин мүчөлөрү.

5.2. Олимпиаданын бардык этаптарын уюштуруу комитеттеринин курамы тийиштүү Олимпиаданы уюштуруучу тарабынан түзүлөт жана бекитилет.

5.3. Уюштуруу комитетинин төрагасы Олимпиаданы өткөрүү мезгилине уюштуруу комитетинин мүчөлөрү тарабынан жалпы чогулушта шайланат.

Уюштуруу комитетинин төрагасы уюштуруу комитетинин тизме курамынын мүчөлөрүнүн жарымынан көбү ал үчүн добуш берген учурда шайланды деп эсептелет.

Уюштуруу комитетинин төрагасына аны шайлаган учурдан тартып Олимпиаданы уюштуруу жана өткөрүү боюнча бардык ыйгарым укуктары өтөт, ошондой эле ал Олимпиаданын уюштуруучусунун кызыкчылыгын бардык мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдарында, мамлекеттик эмес уюмдарында жана массалык - маалымат каражаттарында коргойт.

5.4. Олимпиаданын I, II, III жана IV этаптарынын уюштуруу комитеттеринин функциялары:

- Олимпиаданын тиешелүү этаптарын даярдоо жана өткөрүү боюнча иш-чаралар планын иштеп чыгат жана бекитет, ошондой эле алардын аткарылышын камсыз кылат;
- Олимпиаданын этабын өткөрүүнүн уюштуруучулук-технологиялык моделин ушул Жобого жана жалпы билим берүү уюмдарында окутууну уюштуруунун шарттарына карата санитардык-эпидемиологиялык талаптарга ылайык, Олимпиаданын ар бир предмети боюнча Олимпиаданын этабын өткөрүү боюнча бекитилген талаптарга ылайык жүзөгө ашырат;
- жюринин предметтер боюнча отчетторун угат, Олимпиаданын жыйынтыгын чыгарат, белгиленген формада Олимпиаданын тиешелүү деңгээлдеги уюштуруучусуна отчет жана жеңүүчүлөрдүн тизмесин берет.
- Олимпиаданын этабын өткөрүү учурунда катышуучуларды жатакана жана тамак-аш менен камсыз кылат;
- Олимпиаданын этабын өткөрүү учурунда катышуучулардын өмүрү жана ден соолугунун коопсуздугу үчүн жооптуу.

5.5. Олимпиаданын I, II этаптарынын уюштуруу комитеттеринин функциялары:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын, жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилигин, окуучуларды жана алардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) Олимпиаданын тиешелүү этаптарын жер-жерлерде өткөрүү мөөнөттөрү жөнүндө, ошондой эле ушул Жобо жана Олимпиаданын этаптарын уюштуруу жана өткөрүүгө карата бекитилген талаптар жөнүндө күн мурунтан маалымдайт;

- Олимпиаданын I, II этаптарынын усулдук комиссияларынын жана жюринин курамдарын ушул Жобого ылайык түзөт;
- Олимпиаданы даярдоо жана өткөрүү мезгилинде материалдардын сырдуулугун жана купуялуулугун, аны жүргүзүүнүн ачык-айкындуулугун камсыз кылат;
- олимпиадалык тапшырмаларды сактоону камсыз кылат, алардын купуялуулугу үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликти тартышат.
- катышуучулардын олимпиадалык иштерине код ыйгаруу (ээсиз кылуу) ишин жүргүзөт;
- ар бир катышуучуну текст менен камсыздайт.

5.6. Олимпиаданын III этабынын уюштуруу комитеттеринин функциялары:
- ушул Жобонун 5.4. пунктунда белгиленген бардык милдеттерди аткарат;
-жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын, жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилигин, окуучуларды жана алардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) Олимпиаданын тиешелүү этаптарын жер-жерлерде өткөрүү мөөнөттөрү жөнүндө, ошондой эле ушул Жобо жана Олимпиаданын этаптарын уюштуруу жана өткөрүүгө карата бекитилген талаптар жөнүндө күн мурунтан маалымдайт;
- ушул Жобого ылайык жюринин курамын түзөт;
-Олимпиаданы өткөрүү учурунда олимпиадалык материалдарды конфеденциалдуу сактоо үчүн орун менен камсыздайт.

5.7. Республикалык уюштуруу комитети:
- ушул Жобонун 5.4. пунктунда белгиленген бардык милдеттерди аткарат;
- Олимпиаданын бардык этаптарын жүргүзүүнүн жалпы тартибин аныктайт;
- Олимпиаданын III жана IV этаптарын даярдоого жана өткөрүүгө түздөн-түз жетекчилик кылат;
- Министрликке Олимпиаданын этаптарын өткөрүүнүн мөөнөттөрү жана орду боюнча сунуш киргизет, Олимпиаданын III этабынын жюри курамын, Олимпиаданын IV этабынын ар бир предмет боюнча Республикалык жюринин курамын Көз карандысын уюмдун макулдашуусу менен бекитет;
- Олимпиаданы өнүктүрүү жана өркүндөтүү боюнча сунуш киргизет;
- Олимпиаданын республикалык этабынын жеңүүчүлөрүнүнүн квоталарын белгилейт;
- Олимпиаданын жыйынтыгын чыгарат, Министрликтин кароосуна отчет жана байге алуучулардын тизмесин берет;
- Олимпиада жөнүндө ММК, Интернет-сайтка презентацияларды жана маалыматтарды даярдайт жана илимий-педагогикалык коомчулуктун арасында маалыматты жайылтат.

## 6. Усулдук комиссия

6.1. Ар бир предмет боюнча Олимпиаданын I-II этаптарынын усулдук комиссиялары тиешелүү уюштуруу комитеттери тарабынан түзүлөт жана тиешелүү Олимпиаданы уюштуруучулардын буйруктары менен бекитилет.

Усулдук комиссиянын курамына жогорку окуу жайларынын окутуучулары, илимий-педагогикалык институттардын кызматкерлери, тажрыйбалуу мугалимдер, билим берүүнү башкаруу органдарынын өкүлдөрү жана башка предметтик областын адистери киргизилет.

6.2. Предметтер боюнча усулдук комиссиялар төмөнкү функцияларды аткарат:

- бирдей мазмундагы кыргыз жана орус тилдеринде теориялык жана практикалык тапшырмалардын тексттерин иштеп чыгышат (кыргыз, орус жана англис тилдери боюнча олимпиадалардан тышкары);
- олимпиадалык тапшырмалардын талаптарын, ошондой эле Олимпиаданын катышуучуларынын категорияларын эске алуу менен билим берүү программаларынын негизинде олимпиадалык тапшырмаларды түзөт , олимпиадалык тапшырмаларды аткаруу үчүн керек болгон материалдык-техникалык камсыз кылуу жөнүндө баяндоо менен, Олимпиаданын II этабы үчүн аткарылган олимпиадалык тапшырмаларды баалоо үчүн көз карандысыз уюм тарабынан даярдалган усулдук сунуштарды эске алуу менен критерийлерди жана методиканы түзөт;
- ар бир предмет боюнча тапшырмаларды даярдоодо жана сактоодо купуялуулукту камсыз кылат жана белгиленген мөөнөттөрдө аларды Олимпиаданын I жана II этаптарынын уюштуруу комитеттерине чапталган конверттерде берет;
- предметтер боюнча Олимпиаданы өткөрүү тажрыйбасын жалпылайт;
- предметтер боюнча Олимпиаданы өткөрүү жөнүндө тиешелүү уюштуруу комитетине отчет берет.

6.3. Олимпиаданын III жана IV этабында Республикалык уюштуруу комитети Көз карандысыз уюмду ишке тартат.

6.4. Көз карандысыз уюм төмөнкүдөй функцияларды аткарат:

- III жана IV этаптары үчүн билим берүү программаларынын мазмунун негизинде, олимпиадалык тапшырмаларды түзөт;
- олимпиадалык тапшырмаларды аткаруу үчүн материалдык-техникалык камсыздоого керектүү тизмектерди, жюри мүчөлөрүнө олимпиадалык тапшырмаларды баалоо боюнча методикаларын, инструкцияларды, критерийлерди түзөт;
- жазуу этабы аяктагандан кийин Олимпиаданын катышуучуларын тааныштыруу үчүн тапшырмалардын жоопторун даярдайт;
- тапшырмалар конверттерге мөөр басып бекитилип жана Олимпиада башталганга чейин олимпиадалык тапшырмалардын сакталышын камсыз кылат;
- Олимпиаданын III жана IV этаптары өткөрүүлүчү жерлерге олимпиадалык тапшырмаларды басып чыгаруу жана жеткирүүгө жооп берет;
- Олимпиада башталганга чейин администраторлор жана волонтерлор үчүн башкаруучулук кылуу боюнча түшүндүрмө өткөрөт;

- Олимпиаданын III- IV этабын жетектейт;
- предметтер жана катышуучулардын категориялары боюнча мөөр басылып бекитилген конверттерде даярдалган тапшырмалар ачылып, аудиторияда тур башталардын алдында катушуучулардын көзүнчө администраторлорго таратылат;
- жазуу туру аяктагандан кийин катышуучуларга предметтер боюнча тапшырмалардын жооптору менен таанышууга мүмкүнчүлүк берет;
- предметтер боюнча жюринин мүчөлөрүн Республикалык уюштуруу комитетинин макулдашуусу менен аныктайт;
- Олимпиаданын III жана IV этаптарынын жазуу туру аяктагандан кийин мөөр басылып бекитилген конверттердеги тапшырмалардын жоопторун жюринин төрагасы берет;
- Олимпиаданын III жана IV этаптарында баалоо инстурментарийи боюнча Олимпиаданын жюрисинин мүчөлөрүнө консультация берүү ишин жүргүзөт;
- III -IV этапта жюринин ишине катышат;
- III жана IV этаптарында апелляция ишине катышат;
- Олимпиаданын II этабы үчүн олимпиадалык тапшырмаларды түзүү, аткарылган олимпиадалык тапшырмаларды баалоонун критерийин жана ыкмасын, катышуучуларды каттоо тартибин, олимпиадалык иштерди көрсөтүү, ошондой эле катышуучулардын апелляциясын кароо тартибин камтыган талаптарды иштеп чыгуу үчүн усулдук консультация берет;
- республикалык уюштуруу комитети белгилеген мөөнөткө Олимпиаданын III (областтык) этабын өткөрүү боюнча уюштуруу комитеттерине Олимпиаданы даярдоо жана өткөрүү боюнча усулдук сунуштарды даярдайт жана жиберет;
- Министрлик тарабынан белгиленген мөөнөткө чейин Республикалык уюштуруу комитетине Олимпиаданын III жана IV этабын даярдоо жана өткөрүү боюнча ар бир предмет боюнча олимпиадалык тапшырмаларды аткаруу үчүн зарыл болгон материалдык-техникалык камсыздоо жөнүндө баяндаманы иштеп чыгат, бекитете жана жөнөтөт;
- олимпиадалык тапшырмалардын купуялуулугун сактоо боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликке тартылат;
- жыл сайын Республикалык уюштуруу комитетине Олимпиаданын натыйжалары жөнүндө аналитикалык отчет берет;
- предметтер боюнча Олимпиаданын тапшырмаларынын банкын түзөт жана жыл сайын толуктайт.

## 7. Жюри

7.1. Олимпиаданын бардык этабы үчүн ар бир предмет боюнча жюринин курамдары уюштуруучулар тарабынан Олимпиаданын кезектеги этабын өткөрүү мезгилине бекитилет.

I, II этаптарга жюринин курамына жогорку окуу жайлардын окутуучулары, усулчулар, тажрыйбалуу мугалимдер, билим берүүнү башкаруу органдарынын өкүлдөрү, илимий-изилдөө институттарынын, предметтик усулдук комиссиялардын өкүлдөрү киргизилет.

III, IV этаптарынын жюрилеринин курамына Республикалык олимпиаданы өткөрүүгө Көз карандысыз уюмдун кызматкерлери, жогорку окуу жайлардын

окутуучулары, тажрыйбалуу мугалимдер, илимий-изилдөө институттарынын өкүлдөрү киргизилет.

Жюринин курамы: төрага, орун басары, катчы жана жюри мүчөлөрү (ар бир предмет боюнча үч адамдан кем эмес).

7.2. Жалпы билим билим берүү жана башка билим берүү уюмдарда иштеген жарандар, эгерде Олимпиадада бул предмет боюнча катышкан окуучулар аларда окуса, предметтик калыстар тобунун курамында ишке киргизилбейт

7.3. Даярдалган тапшырмалар Олимпиада катышуучуларынын санына жараша конвертке салынып, чапталып, аны администратор иш башталардын алдында эле катышуучуларга таратып берет. Конвертте чапталган жоопторду калыстар тобунун төрагалары Олимпиаданын бардык этаптарында турдун аягында алат.

7.4. Жыйынтык балл ар бир жюри мүчөлөрү катышуучуга койгон баллдардын суммасынан чыгарылат. Эгерде талаш-тартыш жаралса, акыркы чечим жюринин төрагасында болот.

7.5. Жюри мүчөлөрү ар бир тапшырмага баллдын санын көрсөтүп, катышуучулар өздөрүнүн коду менен көрсөтүлгөн протоколго кол коюп аты-жөнү менен тастыктайт.

7.6. Катышуучулардын жыйынтык баллы жюринин протоколуна киргизилип, ага төрага, мүчөлөр, катчы кол коёт.

7.7.Олимпиаданын бардык этаптардын жюрилери:

- баалоо үчүн катышуучулардын олимпиадалык иштеринин коду менен (катышуучунун аты аталбайт) кабыл алат;
- ар бир тапшырма үчүн коюлган критерийлерге жана баалоо методикасына ылайык катышуучулардын жазуу иштерин, оозеки жана практикалык турлардын жыйынтыгын текшерет жана баалайт;
- уюштуруу комитетине жыйынтыктоогу протоколду стендге илүү аркылуу катышуучуларды тааныштыруу үчүн берет;
- видеого тартып алынган материалды колдонуу менен апелляция өткөрөт;
- Олимпиада этабынын уюштуруучусу тарабынан коюлган квотага ылайык, ар бир предмет боюнча рейтингдин негизинде Олимпиаданын жеңүүчүлөрүн жана байгеге жеткендерди аныктайт;
- аларды бекитүү үчүн белгиленген уюштуруу комитетине кабыл алынган форма боюнча Олимпиаданын жыйынтыгын жазуу түрүндө тапшырат;
- Олимпиада этабынын уюштуруучусуна ар бир предмет боюнча аткарылган олимпиадалык тапшырмалардын натыйжалары боюнча аналитикалык отчетту түзүп тапшырат;
- Олимпиаданы өткөрүүдө эреже бузуулар аныкталса, кайсы этапта болбосун, уюштуруу комитетине катышуучунун, же бүт топтун дисквалификациясы жөнүндө, тартип бузуучуларды Олимпиаданын иш органынан четтетүү жана аларга карата билим берүү органы тарабынан чара көрүү жөнүндө сунушун киргизет.

## 8.Администраторлор

8.1. Олимпиаданын ар бир туруна этаптын уюштуруу комитети тарабынан ар бир өткөрүү жайга, I жана II этаптарында уюштуру комитети, III жана IV этаптарында – Көз карандысыз уюмдары тарабынан администраторлор бекитилет (бул предметтер боюнча, же ага жакын предметтер боюнча адистиги жоктор, мисалы, ЖОЖдун студенттери). Практикалык турга, муктаждык болсо, жабдууларга жооп берген техникалык адистер бекитилет.8.2.Администраторлордун милдеттери:
-Олимпиаданын башталышына аудиторияларды даярдоо;
-катышуучулардын документтерин текшерүү: билим берүү мекеме тарабынан күбөлөндүрүлгөн сүрөтү менен маалым кат, паспорт же туулганы тууралуу күбөлүк жана регистрациялык баракча;
-катышуучуларды аудиторияларда регистрация баракчасында көрсөтүлгөн орундарга отургузуу;
-катышуучуларды өз ишинин титулдук баракчасын толтуруу боюнча инструктаждоо;
-катышуучуларга керектүү материалды таратуу;
-аткарылган иштерди катышуучулардан чогултуу;
-катышуучулардын иш аткаруу убакытын катуу көзөмөлгө алуу;
-аудиторияларда тартип сактоосун камсыздоо, керек болгон учурларда биринчи медициналык, же гигиеналык жардам көрсөтүү үчүн шарттарды түзүү.

## 9. Код берүүчүлөр

9.1. Олимпиаданын I жана II этаптарында уюштуруу комитети тарабынан код берүүчүлөр (бул предметтер боюнча же ага жакын предметтер боюнча адистиги жок ) бекитилет. Олимпиаданын III, IV этаптарында код берүүчүлөрдү Көз карандысыз уюму тарабынан бекитилет.
9.2. Код берүүчүлөрдүн милдеттерине жазуу турунун кодировкасы жана дешифровкасы, практикалык жана оозеки турлардын катышуучуларына катышуучунун код номери менен бейджденди таратуу кирет. Код берүүчү коддун сапаты жана код жөнүндө маалыматтын конфиденциалдуулугу үчүн жоопкерчилик тартат.

## 10. Байкоочулар

10.1. Олимпиаданын ар бир этабында педагогикалык, ата-эне коомчулугунун жана ММК өкүлдөрү, көз карандысыз байкоочулар катышышы керек, бирок катышуучулар окуган билим берүү уюмдарынын өкүлдөрү катышууга укугу жок.
10.2. Олимпиаданын бардык өткөрүү этаптарында байкоочулар ачык-айкындыкты камсыздоо максатында анын жүрүшүнө көз салат.
Бекитилген талаптарды бузуу фактылары аныкталганда, байкоочулар арыз менен Олимпиаданын уюштуруу комитетинин төрагасына кайрылууга укуктуу.

## 11.Олимпиаданын этаптарын өткөрүү

11.1. Олимпиаданын I этабы үчүн тапшырмалар, олимпиадалык тапшырмаларга коюлган талаптарга ылайык, ошондой эле мектептердин категорияларын эске алып (базалык же предметтерди тереңдетип окутуу менен) мектептеги усулдук бирикмелер менен иштелип чыгат.
